«Макулдашылды»
Проф.союз.торайымы
Уркунбаева Н.М

« Бекитемин»
Байдылда Маленов орто мектебинин
мудуру Сманалиева Ж.Т.

**Байдылда Маленов атындагы орто мектебинин билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө Жоболоштуруу**

*(КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-декабрындагы № 817 токтомунун редакциясына ылайык)*

**1.Негизги түшүнүктөр.**

1.1.Бул жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 токтомунун,мектептин Уставынын негизинде иштетилип чыккан. Бул жобону ишке ашыруунун негизги максаты акы төлөмө кызмат көрсөтүтүүнүн негизинде мектептин билим сапатын жогорулатуу.Кошумча акы төлөп окутуу аркылуу окуу программаларын өздөштүрүү толук ишке ашырылат.
1.2.Бул Жобону ишке ашыруу үчүн төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:

-мектепте бюджеттен тышкаркы билим берүү иши - акы төлөнүүчү негизинде билим берүү кызматтары;

-мектептин кошумча билим берүү кызматтары - мамлекеттик билим берүү стандарттарынан ашыкча кошумча билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча ыктыярдуу негиздердеги юридикалык жактардын (билим берүү ишине лицензиясы бар) коммерциялык эмес иши. (Кошумча билим берүү кызматтарына төмөнкүлөр кирбейт: негизги жалпы билим берүүчү программаларды ишке ашыруу, жеке жана топтук сабактар, негизги жалпы билим берүүчү программалары үчүн бөлүнгөн сааттардын эсебинен тандоо боюнча курстар);

-билим берүү кызматтары- билим чөйрөсүндөгү юридикалык жактардын коммерциялык эмес иши;

- мектептин - юридикалык жактар жана алардын юридикалык жактын же филиалдын статусуна ээ болгон түзүмдүк бөлүмдөрү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары белгилеген тартипте керектөөчүлөргө билим берүү кызматтарын көрсөтөт;

-мектептин кошумча билим берүү кызматтарынын тарифтери - билим берүү уюмдары (мекемелер) тарабынан жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү, билим берүү кызматтары үчүн белгиленген төлөмдөр;

**2. Жалпы жоболор**

2.1.Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын аймагында билим берүү уюмдары (мекемелер) көрсөтүүчү билим берүүнүн акы төлөнүүчү кызматтарына тарифтерди түзүү боюнча бирдиктүү ченемдик укуктук документ болуп эсептелет.

2.2.Ушул Жобонун талаптары Кыргыз Республикасында билим берүү ишин жүзөгө ашырган мектептин аткаруусу үчүн милдеттүү болуп эсептелет.

(КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-декабрындагы № 817 токтомунун редакциясына ылайык)

**3.Бул Жобонун негизги милдеттери:**

-мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде билим алуучуларга теориялык жана практикалык даярдыкты камсыз кылуучу билим берүүнүн акы төлөмө кызматтарын керектөөчүлөргө көрсөтүү;

-билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди негизсиз коюудан жана жогорулоодон (төмөндөөдөн) керектөөчүлөрдүн укугун коргоо;

-билим берүүнүн акы төлөмө кызматын көрсөтүүчү мектептин жетекчисинин тарифтерди макулдашуу үчүн берилген материалдардын тууралыгына жоопкерчилигин жогорулатуу.

-мектеп үчүн билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифи ушул Жобонун IV главасына ылайык түзүлөт.

**3. Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтердин прейскуранттарын макулдашуунун жана бекитүүнүн тартиби**

3.1. Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтердин прейскурантына мектептин жетекчиси кол коет, ал Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органы же анын аймактык органдары менен макулдашылат мектеп үчүн караштуулугуна ылайык тиешелүү мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.

3.2.Мектептин түзүмдүк бөлүкчөлөрүнүн билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтердин прейскурантына билим берүүчү уюмдун (мекеменин) түзүмдүк бөлүкчөсүнүн жетекчиси кол коет, ал Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органы же анын аймактык органы менен макулдашылат, караштуулугуна ылайык тиешелүү мамлекеттик орган менен макулдашылат жана жогору турган билим берүүчү уюм (мекеме) тарабынан бекитилет.

3.3.Мектепте кошумча билим берүү кызматтарына (кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу, даярдоо курстары ж.б.) тарифтердин прейскуранты өзүнчө иштелип чыгат, ушул Жобонун 4, 5 жана 5.1.-пункттарына ылайык макулдашылат жана бекитилет.

**4. Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу тартиби**

4.1.Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди макулдашууда Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органына, анын аймактык органдарына төмөнкүлөр берилет:

- билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтердин прейскурантынын аныкталат.

- билим берүүчү мекеменин финансы-чарба ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу мыйзамдык жана ченемдик укуктук актылар;

- прейскурантка киргизилүүчү билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн мүнөздөмөсү;

- билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнүн ар бир түрү боюнча учурдагы тарифтерди сумма жана сан түрүндө колдонууну талдоо;

- сарптоолордун ар бир беренеси боюнча чечмелөө менен окуу жылындагы кирешенин жана чыгымдардын сметасы;

- материалдык, эмгек жана башка сарптоолорду чечмелөө менен кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү боюнча өздүк наркынын калькуляциясы;

- бюджеттик жана атайын каражаттар боюнча чыгымдардын жана кирешелердин сметасынын иш жүзүндөгү аткарылгандыгы жөнүндө отчет;

- билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө колдонуудагы тарифтердин жана тарифтердин долбоорлорунун салыштырма таблицасы;

- өткөн эки жылдагы тарифтердин өзгөрүү динамикасы;

- билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифинин деңгээлинин өзгөрүш себептеринин негиздери.

4.2.Эсептик материалдарга билим берүүчү уюм (мекеме) жөнүндө кыскача маалыматты камтыган түшүндүрмө кат тиркелиши керек.

4.3.Монополияга каршы орган тарабынан эсептик материалдарды кароонун жүрүшүндө тарифтердин деңгээлин тактоо жана макулдашуу үчүн керектүү башка финансылык маалыматтар талап кылынышы мүмкүн.

4.4.Тарифтер прейскурантынын долбоору кароого үч нускада, ал эми алардын негизделиши боюнча материалдар - бир нускада берилет.

4.5.Билим берүүнүн акы төлөнүүчү кызматтарына тарифтер окуучулардын санын (контингентин), окуу процессин камсыздоо үчүн зарыл болгон кийинки окуу жылына бекитилген окуу планын жана окутуу программасын эске алуу менен иш жүзүндөгү чыгымдарга жараша аныкталат.

4.6.Билим берүү уюмдарына акы төлөнүүчү кызматтардын наркынын эсебинен жогору турган органдарды жана оперативдүү башкарууда турган уюмдарды күтүүгө чегерүүлөр жүргүзүүгө тыюу салынат.

4.7.Түшүндүрмө кат жана тарифтердин прейскурантынын долбоору билим берүүчү уюмдун (мекеменин) жана анын түзүмдүк бөлүкчөсүнүн жетекчисинин кол тамгасы менен берилет. Эсептик материалдарга ошол мектептин, түзүмдүк бөлүкчөнүн тарифтердин прейскурантынын долбоорун иштеп чыгуу жүктөлгөн окуу бөлүм башчысы кол коет.

4.8.Акы төлөмө билим берүү иши ишкердик катары каралбайт жана андан келип түшкөн киреше толугу менен билим берүү процессин камсыз кылууга чыгымдарды жабууга кетет.

4.9.Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин экономикалык негиздемеси болуп мектептин тиешелүү кызмат көрсөтүүлөрүнө негиздүү чыгымдарынын негизинде аныкталуучу алардын өздүк наркы эсептелет.

4.10.Прейскуранттын ар бир позициясы боюнча калькуляциялоо сарптоолордун ар бир беренеси боюнча толук түрдө түзүлөт.

4.11.Билим берүүнүн акы төлөнүүчү кызматтарына тарифтерди макулдашуу үчүн берилген материалдардын толуктугу жана аныктыгы үчүн билим берүү уюмунун (мекемесинин) жетекчиси жоопкерчиликтүү болот.

4.12.Тарифтердин прейскурантын макулдашуу жана бекитүү окуу жылы башталганга чейин окуунун наркынын кепилденген минимуму бекитилгенден кийин жүргүзүлөт. Тарифтердин макулдашылган прейскуранты мектеп тарабынан билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү тууралуу керектөөчүлөргө маалымдоо максатында атайын берилген орунда (стенд, щит) жайгаштырылат.

**5.. Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркына киргизилүүчү мектептин сарптоолору**

5.1.Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнүн өздүк наркы мектеп тарабынан бекитилет.

- эгер аткарган иши үчүн кызматкерлер менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мектеп тарабынан эсептешүүлөр жүргүзүлсө, түзүлгөн

келишимдер боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн зарыл болгон жумуштарды аткаргандыгы үчүн мекеменин штатында турбаган жумушчулардын эмгек акысы;

- социалдык камсыздандыруу боюнча чегерүүлөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төлөмдөрдүн башка түрлөрү;

- жабдууларды жана инвентарларды сатып алуу:

- уруксаат берүүчү документтерге сарптоолор;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык командировкалык чыгымдар;

- өрт өчүрүү жана кароолдук кайтарууга төлөө;

- келишимдерге ылайык (анын ичинде ижара келишимдери) билим берүү процессин уюштуруу үчүн пайдаланылган имарат чыгымдары;

- кызмат (жумуштарды) көрсөтүүлөрдө зарыл болгон мезгилдик, илимий-техникалык жана ченемдик-усулдук адабиятка жазылуу;

- кеңсе чыгымдары;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык салыктар жана башка милдеттүү чегерүүлөр;

- түзүмдүк бөлүкчөлөр тарабынан жогору турган билим берүү мекеменин (уюм) чыгымдарын жабуу;

- өндүрүштүк жана педагогикалык практикага чыгымдар;

- жарнакка чыгымдар;

- тамак ашка (сүткө) чыгымдар (Эмгектин өзгөчө, зыяндуу шарттары жөнүндө жободо берилген ченемдерге ылайык);

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатууга чыгымдар.

5.2. Кызмат көрсөтүүлөрдүн өздүк наркына төмөнкүлөр киргизилбейт:

- жашоо шартын жакшыртуу үчүн материалдык жардам, ссуда жана башка социалдык төлөп берүүлөр;

- дарыланууга жана эс алууга, экскурсия жана саякаттоо жолдомолорго ж.б. төлөөлөр;

- соттук чыгымдар;

- финансы-чарба ишмердүүлүгүн текшерүү менен байланышкан чыгымдар;

- финансы-чарба иштерин бузгандыгы үчүн айып салуулар, туумдар жана санкциялардын башка түрлөрү;

- уурдоодон келип чыккан зыяндар;

- социалдык инфраструктура объектилерин кармоого чыгымдар;

- демөөрчүлүк жана гуманитардык жардамдар, гранттар;

- кызмат көрсөтүүлөрдү аткарууга түздөн түз тиешеси жок башка сарптоолор.

**6.Акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтерин макулдашуунун, ишке киргизүүнүн тартиби**

6.1.Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органы, анын аймактык органдары акы төлөмө кызмат көрсөтүү тарифтеринин берилген долбоорлорун карап

чыгат жана бардык эсептик жана маалымдама материалдар ушул Жободо каралган толук көлөмдө келип түшкөндөн тартып 20 жумушчу күндөн кеч эмес мөөнөттө макулдашат.

6.2.Тарифтердин прейскурантынын долбоору боюнча позициялардын саны 20дан ашса, макулдашуу мөөнөтү бардык эсептик жана маалымдама материалдар толук көлөмдө келип түшкөндөн тартып 30 жумуш күнгө чейин белгиленет.

6.3.Толук көлөмдө тапшырылбаган же ушул Жобонун талаптарынан алыстаган документтер келип түшкөндөн тартып 5 күндөн кечиктирбестен кайра иштеп чыгуу үчүн кайтарып берилет.

6.4. Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтер ушул Жобонун 3 бөлүгүндө белгиленген тартипке ылайык бекитилген күндөн тартып иштейт жана окуу жылы аяктаганга чейин жарактуу болот.

6.5. Мерчемделген нарктын 50 процентке чейин өлчөмүндө окутуу үчүн акы алуу учурларын кошпогондо, тарифтердин прейскуранты бекитилгенге чейин окутуу үчүн окуучулардан акча каражаттарын алууга тыюу салынат.

6.6.Окуучуларды кабыл алгандан кийин,мектеп ата-эне  менен акы төлөмө кызмат көрсөтүүгө келишим түзөт. Келишимдин формасы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик монополияга каршы органы менен макулдашылат.

**7. Акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди коюунун тууралыгына мамлекеттик көзөмөл жүргүзүү**

7.1.Мектептин акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюунун жана колдонуунун тууралыгына жана ушул Жобонун талаптарын сактоого мамлекеттик контролдоону Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органы жана анын аймактык органдары жүзөгө ашырат.

8. **Ушул Жобону бузгандыгы үчүн жоопкерчилик**

8.1.Бул Жобону бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине, мектептин Уставы жана ички башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жаза колдонулат.

8.2.Мектепте кызыктар тарабынан мыйзамдаштырылган (орус тили, англис тили,музыка, комуз,бий ийримдерин) акы төлөп окутууга болот.

**9.Корутунду Жоболор.**

Мектептин билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө өзгөртүүлөр киргизилгенде  педагогикалык кызматкерлерге билдирүү кекрек.